# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# МЫЙЗАМЫ

# ЗАКОН
# КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

2014-жылдын 16-апрелинде

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** "Кыргыз Республикасындагы жол кыймылы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1998-ж., № 8, 248-ст.) төмөнкүдөй толуктоо жана өзгөртүүлөр киргизилсин:

**1.** 24-статьяда:

статья төмөнкүдөй мазмундагы $1^1$-пункт менен толукталсын:

"$1^1$. Кыргыз Республикасында чыгарылган, алынып келинген жана найдаланылып жаткан жер үстүндө жүрүүчү бардык транспорт каражаттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик каттоого жатат.";

2-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2. Бардык автомобилдер, автомобиль сүйрөгүчтөр, мотоциклдер, мотоколяскалар, моточаналар, мопеддер каттоого жатат:

-кыймылдаткычынын жумушчу көлөмү 50 куб. смден кем эмес;

-максималдуу конструктивдик ылдамдыгы саатына 50 кмден ашкан;

-жалпы найдалануудагы автомобиль жолдору боюнча жүрүү үчүн арналган электр кыймылдаткычы бар жүк көтөрүмдүүлүгү 500 кгдан ашкан.

Тракторлор, өзү жүрүүчү технологиялык машиналар, транспорт каражаттары менен сүйрөлүүчү чиркемелер, жарым чиркемелер да каттоого жатат.";

4-пунктунда "Кыргыз Республикасынын Айыл жана суу чарба министрлигинин мамлекеттик техникалык инспекциясынын" деген сөздөр "транспорт каражаттарын жана айдоочулар курамын каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын" деген сөздөргө алмаштырылсын.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# МЫЙЗАМЫ

# ЗАКОН
# КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О внесении дополнений и изменений в некоторые законодательные акты Кыргызской Республики**

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики

16 апреля 2014 года

**Статья 1.** Внести в Закон Кыргызской Республики «О дорожном движении в Кыргызской Республике» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1998 г., № 8, ст. 248) следующие дополнение и изменения:

**1.** В статье 24:

статью дополнить пунктом $1^1$ следующего содержания:

«$1^1$. Все наземные транспортные средства, выпускаемые, ввозимые и эксплуатирующиеся в Кыргызской Республике, подлежат государственной регистрации в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.»;

пункт 2 изложить в следующей редакции:

«2. Регистрации подлежат все автомобили, автомобильные тягачи, мотоциклы, мотоколяски, мотонарты, мопеды:

-с рабочим объемом двигателя не менее 50 куб. см;

-с максимальной конструктивной скоростью более 50 км/час;

-с грузоподъемностью более 500 кг с электродвигателем, предназначенные для движения по автомобильным дорогам общего пользования.

Регистрации также подлежат тракторы, самоходные технологические машины, прицепы, полуприцепы, буксируемые транспортными средствами.»;

в пункте 4 слова «Государственной технической инспекции Министерства сельского и водного хозяйства Кыргызской Республики» заменить словами «уполномоченного государственного органа в сфере регистрации транспортных средств и водительского состава».

**2.** 25-статьянын 2-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2. Транспорт каражаттарын башкаруу укугу төмөнкүдөй берилет:

-кыймылдаткычынын кубаттуулугу 25,7 кВтка чейинки каз тамандуу жана дөңгөлөктүү тракторлорду ("А" категориясы) - он алты жашка чыккан адамдарга;

-кыймылдаткычынын кубаттуулугу 25,7 кВттан 77,2 кВтка чейинки дөңгөлөктүү тракторлорду ("Б" категориясы) - "А" графасында уруксат берилген белгиси бар он жети жашка чыккан адамдарга;

-кыймылдаткычынын кубаттуулугу 77,2 кВттан жогору дөңгөлөктүү тракторлорду ("В" категориясы) - "А", "Б" графаларында уруксат берилген белгиси жана бир жылдык үзгүлтүксүз айдоочулук стажы бар он сегиз жашка чыккан адамдарга;

-кыймылдаткычынын кубаттуулугу 25,7 кВттан жогору каз тамандуу тракторлорду ("Г" категориясы) - "А" графасында уруксат берилген белгиси жана бир жылдык үзгүлтүксүз айдоочулук стажы бар он сегиз жашка чыккан адамдарга;

-өзү жүрүүчү айыл чарба машиналарын ("Д" категориясы) - "А", "Б" графаларында уруксат берилген белгиси бар он сегиз жашка чыккан адамдарга;

-мелиоративдик, жер казуучу, жол-курулуштук машиналарды, анын ичинде сузгучунун көлөмү 2 куб. мге чейинки экскаваторлорду жана жүктөгүчтөрдү ("Е" категориясы) - "А", "Б", "В" графаларында уруксат берилген белгилери жана бир жылдык үзгүлтүксүз айдоочулук стажы бар он сегиз жашка чыккан адамдарга;

-мелиоративдик, жер казуучу, жол-курулуштук машиналарды, анын ичинде сузгучунун көлөмү 2 куб. мден жогору экскаваторлорду жана жүктөгүчтөрдү ("Е1" категориясы) - "А", "Б", "В", "Е" графаларында уруксат берилген белгилери жана бир жылдык үзгүлтүксүз айдоочулук иш стажы бар он сегиз жашка чыккан адамдарга;

-кыймылдаткычынын жумушчу көлөмү 125 куб. смден жана максималдуу кубаттуулугу 11 кВттан ашпаган мотоциклдерди (жеңил мотоциклдер) ("А1" категориясы) - он алты жашка чыккан адамдарга;

-кыймылдаткычынын жумушчу көлөмү 125 куб. смден жана максималдуу кубаттуулугу 11 кВттан ашкан мотоциклдерди ("А" категориясы) - он алты жашка чыккан адамдарга;

-мотордоштурулган трициклдерди жана квадроциклдерди ("В1" категориясы) - он алты жашка чыккан адамдарга;

-уруксат берилген максималдык массасы 3500 кгдан ашпаган, айдоочунун орундугунан тышкары, сегизден көп эмес орундугу бар автомобилдерди ("А" категориясына кирген транспорт каражаттарын кошпогондо) ("В" категориясы) - он жети жашка чыккан адамдарга;

-"D" категориясына кирген автомобилдерди кошпогондо, уруксат берилген максималдуу массасы 3500 кгдан ашкан, бирок 7500 кгдан ашпаган автомобилдерди ("С1" категориясы) - он сегиз жашка чыккан адамдарга;

-"D" категориясына кирген автомобилдерди кошпогондо, уруксат берилген максималдуу массасы 7500 кгдан ашкан автомобилдерди ("С" категориясы) - он сегиз жашка чыккан адамдарга;

-жүргүнчүлөрдү ташуу үчүн арналган жана айдоочунун орундугунан тышкары, сегизден он алтыга чейинки орундугу бар автомобилдерди ("D1" категориясы) - төрт жылдан кем эмес үзгүлтүксүз айдоочулук стажы бар жыйырма бир жашка чыккан адамдарга;



**2.** Пункт 2 статьи 25 изложить в следующей редакции:

«2. Право на управление транспортными средствами предоставляется:

-гусеничными и колесными тракторами с двигателем мощностью до 25,7 кВт (категория «А») - лицам, достигшим шестнадцатилетнего возраста;

-колесными тракторами с двигателем мощностью от 25,7 до 77,2 кВт (категория «Б») - лицам, достигшим семнадцатилетнего возраста, имеющим разрешительную отметку в графе «А»;

-колесными тракторами с двигателем мощностью свыше 77,2 кВт (категория «В») - лицам, достигшим восемнадцатилетнего возраста, имеющим разрешительные отметки в графах «А», «Б» и непрерывный годичный водительский стаж работы;

-гусеничными тракторами с двигателем мощностью свыше 25,7 кВт (категория «Г») - лицам, достигшим восемнадцатилетнего возраста, имеющим разрешительные отметки в графе «А» и непрерывный годичный водительский стаж работы;

-самоходными сельскохозяйственными машинами (категория «Д») - лицам, достигшим восемнадцатилетнего возраста, имеющим разрешительные отметки в графах «А», «Б»;

-машинами мелиоративными, землеройными, дорожно-строительными, в том числе экскаваторами и погрузчиками с объемом ковша до 2 куб. м (категория «Е»), - лицам, достигшим восемнадцатилетнего возраста, имеющим разрешительные отметки в графах «А», «Б», «В» и непрерывный годичный водительский стаж работы;

-машинами мелиоративными, землеройными, дорожно-строительными, в том числе экскаваторами и погрузчиками с объемом ковша свыше 2 куб. м (категория «Е1»), - лицам, достигшим восемнадцатилетнего возраста, имеющим разрешительные отметки в графах «А», «Б», «В», «Е» и непрерывный годичный водительский стаж работы;

-мотоциклами с рабочим объемом двигателя, не превышающим 125 куб. см, и максимальной мощностью, не превышающей 11 кВт (легкие мотоциклы) (категория «А1»), - лицам, достигшим шестнадцатилетнего возраста;

-мотоциклами с рабочим объемом двигателя, превышающим 125 куб. см, и максимальной мощностью, превышающей 11 кВт (категория «А»), - лицам, достигшим шестнадцатилетнего возраста;

-моторизованными трициклами и квадроциклами (категория «В1») - лицам, достигшим шестнадцатилетнего возраста;

-автомобилями (за исключением транспортных средств, относящихся к категории «А»), разрешенная максимальная масса которых не превышает 3500 кг, имеющими не более восьми сидячих мест, помимо сиденья водителя (категория «В»), - лицам, достигшим семнадцатилетнего возраста;

-автомобилями, за исключением относящихся к категории «D», разрешенная максимальная масса которых превышает 3500 кг, но не превышает 7500 кг (категория «С1»), - лицам, достигшим восемнадцатилетнего возраста;

-автомобилями, за исключением относящихся к категории «D», разрешенная максимальная масса которых превышает 7500 кг (категория «С»), - лицам, достигшим восемнадцатилетнего возраста;

-жүргүнчүлөрдү ташуу үчүн арналган жана айдоочунун ордундугунан тышкары, он алтыдан көп ордундугу бар автомобилдерди ("D" категориясы) - төрт жылдан кем эмес үзгүлтүксүз айдоочулук стажы бар жыйырма бир жашка чыккан адамдарга;

-чиркеме чиркелген, уруксат берилген максималдуу массасы 750 кгдан жана жүгү жок автомобилдин массасынан ашкан "B" категориясындагы автомобилдерди жана чиркеме чиркелген, уруксат берилген максималдуу массасы 750 кгдан ашкан, ал эми мындай курамдын жалпы уруксат берилген максималдуу массасы 3500 кгдан ашкан "B" категориясындагы автомобилдерди ("BE" категориясы) - эки жылдан кем эмес үзгүлтүксүз айдоочулук стажы бар он сегиз жашка чыккан адамдарга;

-чиркеме чиркелген, уруксат берилген максималдуу массасы 750 кгдан ашкан, бирок жүгү жок автомобилдин массасынан ашпаган, ал эми мындай курамдын жалпы уруксат берилген максималдуу массасы 12000 кгдан ашпаган "C" категориясындагы автомобилдерди ("C1E" категориясы) - үч жылдан кем эмес үзгүлтүксүз айдоочулук стажы бар жыйырма бир жашка чыккан адамдарга;

-чиркеме чиркелген, уруксат берилген максималдуу массасы 750 кгдан ашкан, "C" категориясындагы автомобилдерди ("CE" категориясы) - үч жылдан кем эмес үзгүлтүксүз айдоочулук стажы бар жыйырма бир жашка чыккан адамдарга;

-чиркеме чиркелген, жүргүнчүлөрдү ташууга арналбаган, уруксат берилген максималдуу массасы 750 кгдан ашкан, бирок жүгү жок автомобилдин массасынан ашпаган, ал эми мындай курамдын жалпы уруксат берилген максималдуу массасы 12000 кгдан ашпаган "D1" категориясына тиешелүү автомобилдерди ("D1E" категориясына тиешелүү) - төрт жылдан кем эмес (эл аралык ташуулар үчүн - беш жылдан кем эмес) үзгүлтүксүз айдоочулук стажы бар жыйырма бир жашка чыккан адамдарга;

-чиркеме чиркелген, уруксат берилген максималдуу массасы 750 кгдан ашкан "D" категориясындагы автомобилдерди ("DE" категориясы) -төрт жылдан кем эмес (эл аралык ташуулар үчүн - беш жылдан кем эмес) үзгүлтүксүз айдоочулук стажы бар жыйырма бир жашка чыккан адамдарга.

Троллейбус айдоого жыйырма бир жашка чыккан адамдарга уруксат берилет.".

**2-берене.** Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомостору, 1999-ж., № 2, 77-ст.) төмөнкүдөй толуктоолор жана өзгөртүүлөр киргизилсин:

1. Кодекс төмөнкүдөй мазмундагы 224[1]-статья менен толукталсын:

"224[1]-статья. Ээлери тарабынан жер үстүндө жүрүүчү транспорт каражаттарын каттоо эрежелеринин бузулушу

Жер үстүндө жүрүүчү транспорт каражаттарын каттоо эрежелерин сактабаганда жана өз убагында каттоодон өткөрбөөсү, -

жарандарга – эсептешүү көрсөткүчүнүн он өлчөмүндө, кызмат адамдарына - жыйырма өлчөмүндө административдик айып салууга алып келет.

Эскертүү. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан салынган жер үстүндө жүрүүчү транспорт каражаттарын каттоо чөйрөсүндөгү административдик айыптарды өндүрүп алуунун тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.".



-автомобилями, предназначенными для перевозки пассажиров и имеющими от восьми до шестнадцати сидячих мест, помимо сиденья водителя (категория «D1»), - лицам, достигшим двадцати одного года, имеющим непрерывный водительский стаж не менее четырех лет;

-автомобилями, предназначенными для перевозки пассажиров и имеющими более шестнадцати сидячих мест, помимо сиденья водителя (категория «D»), - лицам, достигшим двадцати одного года, имеющим непрерывный водительский стаж не менее четырех лет;

-автомобилями категории «B», сцепленными с прицепом, разрешенная максимальная масса которых превышает 750 кг и превышает массу автомобиля без нагрузки, и автомобилями категории «B», сцепленными с прицепом, разрешенная максимальная масса которых превышает 750 кг, а общая разрешенная максимальная масса такого состава превышает 3500 кг (категория «BE»), - лицам, достигшим восемнадцатилетнего возраста, имеющим непрерывный водительский стаж не менее двух лет;

-автомобилями категории «C», сцепленными с прицепом, разрешенная максимальная масса которых превышает 750 кг, но не превышает массу автомобиля без нагрузки, а общая разрешенная максимальная масса такого состава не превышает 12000 кг (категория «C1E»), - лицам, достигшим двадцати одного года, имеющим непрерывный водительский стаж не менее трех лет;

-автомобилями категории «C», сцепленными с прицепом, разрешенная максимальная масса которых превышает 750 кг (категория «CE»), - лицам, достигшим двадцати одного года, имеющим непрерывный водительский стаж не менее трех лет;

-автомобилями подкатегории «D1», сцепленными с прицепом, не предназначенным для перевозки пассажиров, разрешенная максимальная масса которых превышает 750 кг, но не превышает массу автомобиля без нагрузки, а общая разрешенная максимальная масса такого состава не превышает 12000 кг (подкатегория «D1E»), - лицам, достигшим двадцати одного года, имеющим непрерывный водительский стаж не менее четырех лет (для международных перевозок - не менее пяти лет);

-автомобилями категории «D», сцепленными с прицепом, разрешенная максимальная масса которых превышает 750 кг (категория «DE»), - лицам, достигшим двадцати одного года, имеющим непрерывный водительский стаж не менее четырех лет (для международных перевозок - не менее пяти лет).

Управление троллейбусом разрешается лицам, достигшим двадцати одного года.».

**Статья 2.** Внести в Кодекс Кыргызской Республики об административной ответственности (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1999 г., № 2, ст. 77) следующие дополнения и изменения:

1. Кодекс дополнить статьей 224[1] следующего содержания:

«Статья 224[1]. Нарушение владельцами правил регистрации наземных транспортных средств

Несоблюдение правил регистрации и несвоевременная постановка на учет наземных транспортных средств -

**2.** Кодекс төмөнкүдөй мазмундагы $546^4$-статья менен толукталсын:

"$546^4$-статья. Транспорт каражаттарын жана айдоочулар курамын каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган

Транспорт каражаттарын жана айдоочулар курамын каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ушул Кодекстин $224^1$-статьясында каралган администрациялык укук бузуулар жөнүндө иштерди карайт.

Администрациялык укук бузуулар жөнүндө иштерди кароого жана администрациялык жаза берүүгө төмөнкүлөр укуктуу:

-транспорт каражаттарын жана айдоочулар курамын каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчиси жана анын орун басарлары;

-транспорт каражаттарын жана айдоочулар курамын каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын облустук, райондук жана шаардык бөлүмдөрүнүн, секторлорунун жетекчилери.".

**3.** $556^1$-статьянын 2-бөлүгүндө "$546^3$" деген сан "$546^4$" деген санга алмаштырылсын.

**4.** 624-статьянын экинчи абзацында "мамлекеттик автомобиль инспекциясынын" деген сөздөр "транспорт каражаттарын жана айдоочулар курамын каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**3-берене.** Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А.Ш. Атамбаев**

Бишкек ш.
2014-жылдын 22-майы
№ 73



влекут наложение административного штрафа на граждан - в размере десяти, на должностных лиц - в размере двадцати расчетных показателей.

Примечание. Порядок взыскания административных штрафов в сфере регистрации наземных транспортных средств, наложенных уполномоченным государственным органом, определяется Правительством Кыргызской Республики.».

**2.** Кодекс дополнить статьей $546^4$ следующего содержания:

«Статья $546^4$. Уполномоченный государственный орган в сфере регистрации транспортных средств и водительского состава

Уполномоченный государственный орган в сфере регистрации транспортных средств и водительского состава рассматривают дела об административных правонарушениях, предусмотренных статьей $224^1$ настоящего Кодекса.

Рассматривать дела об административных правонарушениях и налагать административные взыскания вправе:

-руководитель уполномоченного государственного органа в сфере регистрации транспортных средств и водительского состава и его заместители;

-руководители областных, районных и городских отделов, секторов уполномоченного государственного органа в сфере регистрации транспортных средств и водительского состава.».

**3.** В части 2 статьи $556^1$ цифры «$546^3$» заменить цифрами «$546^4$».

**4.** В абзаце втором статьи 624 слова «Государственной автомобильной инспекции» заменить словами «уполномоченного государственного органа в сфере регистрации транспортных средств и водительского состава».

**Статья 3.** Настоящий Закон вступает в силу со дня официального опубликования.

Правительству Кыргызской Республики привести свои решения в соответствие с настоящим Законом.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **А.Ш. Атамбаев**

г. Бишкек
22 мая 2014 года
№ 73